DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Азимбаев Б.*

# АБДЫКАДЫР ОРОЗБЕКОВДУН ӨМҮРҮН ЖАНА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНА ОКУТУУ

*Азимбаев Б.*

# ОБУЧЕНИЕ ЖИЗНИ И ДЕЯТЕЛЬНОСТИ АБДЫКАДЫР ОРОЗБЕКОВА УЧАЩИМСЯ ШКОЛЫ

*B. Azimbaev*

# TRAINING THE LIFE AND ACTIVITIES OF ABDIKADIR OROZBEKOVA SCHOOL STUDENTS

*УДК: 947.1. (575.2) 43.3.*

*Макалада А.Орозбековдун балалык кези, революциялык көз карашынын калыптанышы, Кыргызстандын түштүгүндө Совет бийлигин орнотуу жана басмачылык менен күрөшүү, Кыргыз мамлекетинин түптөлүшү жана өнүгүшү, тоталитардык режимдин күчөшү, акталуу жана саясий-ишмердүүлүгүн мектеп окуучуларына терең окутуу ыкмалары тууралуу сөз болот. Кыргызстандын алгачкы пайдубалын түптөп, түндүгүн көтөрүп, анын түптөлүшүнө жана өнүгүшүнө чоң салым кошкон тарыхый инсандардын бири болуп саналат.Өсүп келе жаткан муунду өз мекенин жана туулган жерин сүйүүгө,патриоттуулукка тарбиялоодо А.Орозбековдун өмүрүн жана ишмердүүлүгүн окутуу, үйрөтүү чоң роль ойнойт. А.Орозбековдун сунушу жана демилгеси менен Кыргызстандын түштүгүндө Жалал-Абад аймагында жер-суу реформасын өткөрүү боюнча эл арасында жаңы курулушту баштоодо чоң роль ойногон. Жер-суу реформасы өз мезгилинде эң манилүү экономикалык төңкөрүштөрдөн болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *балалык мезгили, революциялык көз караш, мамлекеттик ишмердүүлүк, мамлекеттин түптөлүшү, мамлекеттин өнүгүшү, Сталиндик репрессия, жалаа, акталуу.*

*В данной статье рассматривается основные вопросы, связанные с жизнью и деятельностью А.Орозбекова, детство, формирование революционных взглядов, установление Советской власти на юге Кыргызстана, борьба против басмачества и Сталинского тоталитарного режима и реабилитация А.Орозбекова. Он один из исторических деятелей, внесших большой вклад в развитие страны и в воспитании подрастающего поколения к любви и патриотизму. Жизнь и деятельность, образование и подготовка кадров играет важную роль. Земельная и водная реформа на юге Кыргызстана в Джалал-Абаде по предложению и инициативе А.Орозбекова сыграли важную роль в инициировании нового строительства среди людей. Земельная и водная реформа была одной из самых важных экономических революций своего времени.*

***Ключевые слова:*** *детство, революционный взгляд, государственная деятельность, становление государства, развитие государства, сталинская репрессия, клевета, оправдание.*

*This article deals with the main issue connected with life and activities of A.Orozbekov's life, childhood, the formation of revolutionary views, the establishment of the Soviet totalitarian regime and the reobilitation of A.Orozbekov. He is one of the historical figures who have made a great contribution to the development of the country. A. Orozbeko in the education of the younger generation to love and patriotism. the life and work of education and training plays an important role. Land and water reform in southern Kyrgyzstan in Jalal-Abad, at the proposal and initiative of A. Orozbekov, played an important role in initiating new construction among people. Land and water reform was one of the most important economic revolutions of its time.*

***Key words:*** *childhood, revolutionary view, state activity, formation of the state, development of the state, Stalinist repression, slander, justification.*

Абдыкадыр Орозбеков 1889-жылы азыркы Кадамжай районундагы Орозбеков (мурдагы Охна) кыштагында колунда жок кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Үлүшүнө тийген татаал тагдыр ошондой экен, атасы эрте көз жумуп, иниси жана апасы менен 1898-жылдары көр оокаттын азабынан Маргалаң уездиндеги Чек-Шоро кыштакчасына барып, Татар байы Назармухаммедов Хакимбайдын чарбагына бүт үй-бүлөсү менен малай болуп иштеп калышат. Жаштайынан эле сезимдүү, зирек, чыйрак болуп өскөн, Абдыкадыр апасына жөлөк болуу менен турмуштун оорчулугун түшүнүп, кол кабыш кыла баштады. Кабыргасы ката элек Абдыкадыр тагдырдын буйругуна баш ийип, эр жигиттин ишин иштеп, мал жайып, пахта терип, эгин сугарып, байлардын үй турмушундагы оор ишти жасап жүрдү. Төрт беш жылдай Үсөнногой деген байдын колунда да иш-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



теди. Турмуш күн өткөн сайын оорлошкондон-оорлошо берди. 1905-1907-жылдардагы биринчи орус революциясынын чапкыны бул жерге да жетип, кедейлердин жашоо абалы дагы да начарлап кетти. 1907-жылы алардын үй-бүлөсү өзбек байы Молдо Кайымга малайлыкка түшүп, бир жылга жакын иштешет. Ал эми 1909-жылы Абдыкадырдын өгөй атасы көз жумгандан кийин үй-бүлөнүн камкордугу анын мойнуна толук түшүп, Фергана шаарындагы Шакиров Гапырбайдын наабайканасына жумушчу болуп кирет. 1912-жылы Абдыкадырдын үй-бүлөсү Кокон шаарына көчүп барып, Кепкаев Ысмайыл деген байдын бөлкөканасында ишке орношот. Бул жерде да турмуш жакшыра бербегенден кийин Анжиян шаарына көчүшөт. Бул жерде Абдыкадыр Туркиянын гражданини Мамедбайдын наабайканасында наабайчы болуп иштеп жүрдү. Ошол мезгилде эле ал кедей-кембагалдардын жакын таламдашы катары, алардын арасында мыкты кадыр-баркка ээ болгон. Кожоюн тарабынан "чебер наабайчы" деген наам алгандан кийин анын калайык-калк менен болгон байланышы чыңдалып, ошол эле мезгилде таасири күчөгөн.

Абдыкадырдын алгачкы революциячыл чыгуусу кыргыз элинин тарыхындагы 1916-жылкы үркүн мезгилине туура келет. Ушул жылдын июнь айында падыша өкмөтүнүн 19 жаштан 43 жашка чейинки эр бүлөнү ооруктагы иштер үчүн аскерге милдеттүү түрдө чакырган жарлыгы чыгат. Бул болсо калкты дүрбөлөңгө салып, турмуштун мындан ары оорлошунан дарек берет. Себеби, ишке жарамдуу эркектердин аскерге чакырылышы жалпы айыл-чарба жумуштарынын токтоп калуу коркунучун туудурмак. Бул абалды байкаган Абдыкадыр падыша өкмөтүнө каршы чыгууларды уюштурууга активдүү катышып, элге согуштун саясий мааниси, адилетсиздиги анын запкысы кимге тийери жөнүндө түшүндүрүү иштерин алып барат. Ошентип жүрүп, ооруктагы иштерге эр жигиттерди узатуулардын биринде мадикерлер тарабынан уюштурулган козголоңго катышат. Бул козголоңдо эки дүкөн талкаланып, шаардык банктын имараты зыянга учурайт. Бул козголоң уезддик жандармэрия тарабынан аеосуз басылган. Окуяга Абдыкадырдын катышкандыгы билинип калгандыктан, ал ошол эле жылы Ферганага кайра келип, Алексеев, Янудов деген байлардын наабайкаларында иштейт. Бирок бул шаарда орус наабайканаларынан айырмаланып, улуттук наабайкаларда дем алыш жана майрам күндөрү белгиленчү эмес. Бул болсо саясий жактан бир топ телчигип калган Абдыкадырдын түздөн-түз жетекчилигинин үстүндө уюштурулган. 1917-жылдын январь айында падышалык өкмөткө эмгек акыны көбөйтүү, эс алуу жана майрам күндөрүн белгилөө талабы коюлган 4 күндүк иш таштоону уюштурууга шылтоо болуп калган. Эми Абдыкадырдын бул жоругу набайкананын кожоюну тарабынан губернатор Ивановго жеткирилип, анын жекече көрсөтмөсү менен ал камакка алынат. Бул жумушчу набайчылардын жалпы нараазылыгын күчөтүп, алар өздөрүнүн жолдошу Абдыкадырды түрмөдөн бошотмоюнча иш таштоо улантыла бере тургандыгын билдиришет. Бул саясий акциянын шаардык, уезддик аймакка тарап кетишинен чочулаган кожоюндар набайчылардын айлык акысын жогорулатып, дем алыш күндү белгилөөгө мажбур болушат. Ал эми Абдыкадыр эки күндөн кийин түрмөдөн бошотулат. Бул А.Орозбековдун саясий ишмердүүлүгүнүн башталышындагы эң алгачкы жеңиши эле. Дал ушул убакта Фергана уездиндеги өнөржай ишканаларындагы жумушчулардын большевиктик уюму Абдыкадырдын саясий зиректигин, туруктуулугун уюштуруучулугун эске алып алгачкы революциялык иштерге тарта башташат.

1919-жылдын жай айларында басмачылардын тынч жаткан элге каракчылык кол салуулары күчөп кеткен эле. Бул жерде Мадаминбектин, Эргештин, Көршерматтын жана Аман палвандын бандалары ырайымсыздыгы менен өзгөчө айырмаланышкан.

1919-жылы Фергана областында райревкомдор уюштурулганда А.Орозбеков Чимион райревкомунун, кийинчерээк райаткомдун төрагасы болуп иштейт. Бул кишинин демилгеси менен басмачыларга каршы күрөшүүчү "үчтүк" (тройка) түзүлүп анын жетекчилигинде Көршермат, Алияр корбашылардын топтору жок кылынып, Эргеш, Ядигар корбашылар Совет бийлигинин тарабына өтүшөт.

Бул учурда А.Орозбеков агартуу маселесине да өзгөчө маани берет. Биринчи мектептер, жетим балдар үчүн интернаттар, кедейлер үчүн кызыл чайханалар уюштурулат.

1922-жылы 14-июлда Уч-Коргон райондук революциялык комитет комитетинин эски составы толук камакка алынгандыгына байланыштуу бул райондогу абалды калыбына келтирүү үчүн райондук ревкомдун төрагасынын орун басары кийинчерээк төрагасы болуп дайындалат. Бул тарапта Жармат максым, Нурмат миңбашы жана башка басмачылар Ташкент тараптан жиберилген атайын Алтай отрядынын жана өзгөчө гарнизондун жардамы менен талкаланып, башчылары камакка алынган.

Уч-Коргон ревкомунун төрагасы болуп турган мезгилде Фергана гарнизонунун начальниги Сафоновдун булар дайыма басмачыларды колдошот деген шылтоо менен жергиликтүү элди кырып жок кылуу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жөнүндөгү жаңылыш буйругун четке кагып, чечкиндүү каршылык көрсөткөн. Анын бул билгичтик аракетинен кийин гана Исфайрам жана Ак-Суу боюндагы элдерди күнөөсүз кыруу жөнүндөгү чечим жок кылынган жана токтотулган.

Эки жыл айланбай эле 1923-жылы Мархамат райревкомунун төрагалыгына, кийинчерээк райондук аткаруу комитетинин башчылыгына бекитилет.

1925-жылы январь айында Орозбеков Советтердин Фергана областтык съездине Мархамат районунун аткаруу комитетинин төрагасы катары катышып, Советтердин бүтүн Өзбекстандык курултайына делегат болуп шайланган. А.Орозбековду уезддик большевиктик уюм дайыма эң оор аймактарга чарбалык, саясий, аскердик иштерди чечүүгө жиберип анын ысымы Эл арасында чоң сыймык менен атала баштаган.

1924-жылы А.Орозбеков Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын жети жылдык майрамын белгилөөдө Фергана өрөөнүндө биринчилерден болуп, совет бийлигин орнотуп, аны чыңдоодогу кайратман эмгеги, басмачыларды талкалоодогу каармандыгы үчүн "Алтын төш" белги менен сыйланат.

1924-жылдын аягында Орто Азиянын элдери улуттук өз алдынчалуулукка ээ болуп, өздөрүнүн мамлекетин түзө баштаганда А.Орозбеков бүткүл союздук Коммунистик партиянын Кыргыз областтык комитети тарабынан кыргыз улутундагы кадр катарында Кыргызстанга чакырылып, Ош округдук революциялык комитетинин жер бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалат. Көп убакыт өтпөй эле 1925-жылы март айында ВКП(б)нын Ош округдук партиялык конференциясы аны округдук комитетинин жооптуу катчысы кылып дайындайт. Ошол эле жылы Кыргыз Автономиялуу областынын биринчи партиялык конференциясына делегат катары катышып, ушул эле конференцияда ВКП(б)нын Кыргыз Автономиялуу областтык комитетинин аткаруу бюросунун мүчөсү болуп шайланган. Буга удаалаш Кыргыз Автономиялуу областынын Советтеринин областтык уюштуруу сьездинде 1925-жылы 31-мартта совет бийлигин орнотуудагы кыжырмөн эмгеги, басып өткөн жолу, саясий кыраакылыгы эске алынып, Кыргыз Автономиялуу областынын Борбордук Аткаруу комитетинин төрагалыгына бир добуштан бекитилет.

Дал ушул съезд кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу жолунда манилүү роль ойногон. Улуттун кайра жаралышына шарт түзүлүп, 1207-жылкы монгол баскынчыларынын чабуулунда жок болгон Кыргыз мамлекеттүүлүгү жети кылымдан кийин калыбына келтирилген.

1925-жылы А.Орозбеков Советтердин Бүткүл россиялык жана Москвада болуп, өткөн Бүткүл союздук съездине делегат жана Кыргыз элинин өкүлү катары катышат. Ушул жерден Советтердин Бүткүл союздук аткаруу комитетинин, СССРдин Союз Советинин жана бюджеттик комиссиянын мүчөлүгүнө шайланган. Ошол эле мезгилде Орто Азия Экономикалык Советинин Президумунун, Пишпек шаардык Советинин мүчөлүк кызматтарын коомдук башталышта аткарган. 1926-жылы А.Орозбековдун жетекчилигинде Кыргызстандын түштүгүндө айылдык советтерди райондоштуруу, төмөнкү бийлик органдарын чыңдоо, көчмөн аймактардагы чарбалык иштерди бекемдөө боюнча ири саясий чарбалык иш чараларды турмушка ашырган.

1926-жылы 18-ноябрда Москва шаарында ВЦИКтин үчүнчү сессиясы Кыргыз Областкомдун төрагасы А.Орозбековдун "Кыргызстандын чарбалык жана маданий өнүгүшү жөнүндө" докладын угуп талкуулап Кыргыз Автономиялуу Областын Кыргыз Автономиялуу Республикага кайрадан өзгөртүп түзүү жөнүндө токтомун бекиткен.

1927-жылы Кыргызстандын жалпы республикалык Советтеринин биринчи съездинде Кыргыз областынын Автономиялуу республикага айлангандыгына байланыштуу Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитети шайланып анын төрагасы болуп бир добуштан бекитилген. Мындан ары БАК Республикадагы жогорку мыйзам чыгаруучу жана текшерүүчү орган болуп калган. БАКтын президиуму декреттерди жана токтомдорду А.Орозбековдун колу менен чыгарып турган, Эл Комиссарлар Советин түзгөн, анын багытын аныктап эл чарба пландарын түзгөн. Ал эми Эл - Ком Совет - Аткаруучу бийлик катары иштеген.

Кыргыз элинин тарыхында абройлуу орунду ээлеген бул сьездди ачып жатып, Абдыкадыр Орозбеков мындай деп айткан: "Кыргыз Автономиялуу областы мына эки жылдан бери жашап келе жатат. Экономикалык жана маданий өнүгүүдө бир топ ийгиликтерге жетишилди. Жерге жайгаштыруу иштери аякталды. Эми республиканын түштүгүнде жер-суу реформасы өткөрүлмөкчү. Эки жылдык тажрыйба көрсөткөндөй, реформаны республиканын бардык эмгекчилеринин катышуусу менен гана жүргүзө алабыз".

Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу комитетинин төрагасы катарында кыргыз өкмөтү тарабынан республикадагы саясий жана чарбалык абалды талдоо, жардамдашуу, советтик чарбалык органдарды чыңдоо кеңеш органдарынын түптөлүшүнө жөнөкөй элди мобилизациялоо үчүн Республиканын түндүк, түштүк аймактарын тез-тез кыдырып турган.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



1927-жылы ноябрда Кыргызстан Борбордук Аткаруу комитетинин экинчи чакырылышынын экинчи сессиясы болуп өткөн. Бул сессия туздөн-түз А.Орозбековдун сунушу жана демилгеси менен жер-суу реформасы турмушка ашырылып жаткан түштүктө, Жалалабад шаарында өткөрүлүп, ага аткаруу комитетинин мүчөлөрү жана мүчөлүгүнө кандидаттар менен кошо айыл жеринен чакырылган кедей-кембагалдар да катышып, Жаңы курулушка элдин ар түрдүү катмарын жалпы кылууда чоң роль ойногон.

Бул жерди кайрадан бөлүштүрүү, сууну пайдалануунун шарттарын өзгөртүү, колхоз курулушунун темпин жакшыртууга алган багыт эле. Жер-суу реформасы өз мезгилиндеги эң маанилүү экономикалык төңкөрүштөрдөн болуп саналган. Бирок, бул негизинен бай-манаптарга, кулактарга каршы багытталгандыктан, контрреволюциялык күчтөрдүн кайрадан жанданышына, коомдук саясий абалдын начарлап кетишине алып келген.

А.Орозбековдун мурдагы басмачылар менен күрөшүү тажрыйбасын эске алып, большевиктик партиянын Орто Азиялык бюросу, партиянын комитети атайын токтом менен Орозбековду Кыргызстандын түштүк районундагы басмачыларды жоюу үчүн түзүлгөн атайын мамлекеттик комиссияга жетекчи кылып жиберет.

А.Орозбеков өзүнүн саясий кыраакылыгы жоокердиги менен да айырмаланып Кызыл Армиядагы жана колхоз курулушундагы тескери үгүт иштерине каршы ишенимдүү күрөшө алган.

А.Орозбеков баш болгон кыргыз аткаруу комитети советтик партиялык кызматкерлерди даярдоого, республикада алгачкы өнөржай ишканаларын курууга айрыкча көңүлбурган. Жаңы кыргыз алфавитин киргизүү боюнча комиссиянын терагасы болуп туруп, бул ишке да активдүү катышкан. Кыргыз эмес улуттарга кыргыз тилин үйрөтүүнүнжол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү, алгачкы басмаканаларды уюштуруу боюнча да иштерге жетекчилик кылган.

1925-жыддын апрель айында Карасуу пахта тазалоо заводунун курулушунун башталышына анын жана биринчи өкмөт үйүнүн, азыркы Кыргызстан элдеринин Ассамблеясы жайгашкан имараттын жер пайынын биринчи ташын Эл аксакалы катарында А.Орозбеков койгон.

20-жылдардын аягында А.Орозбеков Кыргызстандын өлкөнүнбашка аймактары менен болгон социалдык-экономикалык жана маданий байланышын чыңдоо үчүн түзүлгөн топтун башында Москва шаарына барат. Бул жерден ага И.В.Сталиндин кабылдоосунда болуп жана Бүткүл союздук аксакал М.И. Калинин менен жолугушуусу борбор шаарыбыз Москва, Кремль менен кенен-кесири таанышуусу чоң таасир калтырат. Бул жөнүндө өзүнүн жардамчысы Азиз Токтобаевге (кийинчерээк партиялык ишмер, окумуштуу, Социалисттик Эмгектин Баатыры) минтип жазган: "Москваны көрдүм, бул мага Владимир Ильичтин өзүн көргөндөй элес берди. Бул менин өмүрүмдөгү эң кубанычтуу күндөр болуп калды, алдыда жасар иштер али көп".

Кийинчерээк Орозбековго Москва калаасында көпжолу болууга туура келген. ВКП(б)нын XV, XVI, XVII съездерине, Советтердин Бүткүл россиялык VI, VII, VIII съездерине катышкан.

Бир тууган республикалардын катарында Кыргызстандын да гүддөп өнүгүшү үчүн жан аябай күрөшкөн. 1935-жылдын февраль айында Кыргызстан менен Ленинград шаарынын ортосундагы өз ара шефтик жардам көрсөтүү келишимине биздин өлкөнүн атынан кол койгон. Буга негиз Ленинграддыктар кийинчерээк Кыргызстандын экономикасын, маданиятын өнүктүрүүгө баалуу салымдарын кошушкан. Ушул эле жылы А.Орозбеков Ленинградда болуп өткөн Кыргызстандын өндүргүч күчтөрүн изилдеп үйрөнүү боюнча өткөрүлгөн биринчи илимий конференцияга катышкан жана сөз сүйлөгөн.

1932-жылы Кыргыз Автономиялуу республикасынын Борбордук Аткаруу комитетинин жана Эл комиссарлар Советинин кошмо Кеңешмесинде Орозбековго "Басмачылар менен ийгиликтүү күрөшкөндүгү жана Партиянын багытын туура жүргүзгөндүгү үчүн" Өзбекстандын Эмгек Кызыл Туу ордени ыйгарылып, аны Өзбек өкмөтүнун өкүлү М.Мухаматов тапшырат. Жогорку сыйлыкты алып жатып, ал минтип айткан: "Басмачылар менен күрөштүн фронтунда кандай салгылашкан болсом, жумушчу табынын иши үчүн эмгек фронтунда да дал ошондой кайрат менен күрөшөмүн". Бул принцип ал кишинин өмүрүнүнакырына чейин коштоп жүргөн, Кыргыз БАК өз кезегинде Ардак Грамота жана курал менен сыйлаган.

Өзүнүн жетиштүү билим сабаты болбогондугуна карабастан, мамлекеттик маселелерди эң туура чече алган. Өзүнүн өмүр таржымалында минтип жазат: "Мен мектепте окуп тарбияланган эмесмин. Революциядан кийин гана кыргызча жана орусча сабаттуулугумду өз алдымча жоюп, ага кошумча ВКП(б)нын Орто Азия бюросунун алдындагы партиялык-советтик курулуштун Ташкент шаарындагы үч айлык курсунан өткөнмүн". Ал кишинин болгон сабаты ушул гана. Бирок бул адамдын чоң-чоңсаясий, чарбалык,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



экономикалык маселелерди чечүүдөгү чечкиндүүлүгү, түздүгү, обьективдүүлүгү алиге таң калтырып келет. Анын негизги сыры Орозбековдун дээринде зээндүү, парасаттуу, жөнөкөй, карапайым, элдин турмуш абалын ичинен байкап кыргыз, өзбек, тажик жана орус тилдерин жакшы билгендигинде эле.

1937-жыл. Бул жылы А.Орозбеков өкүм сүрүп жаткан саясаттын кара толкунуна кабылып, душмандар тарабынан Эл аксакалына "Эл душман" деген жалаа жабылып, партиянын, мамлекеттин ишине каршы коюлуп, арамза ойдун курмандыгы болуп, ушул эле жылдын сентябрь айында камакка алынат, РСФСРдин Кылмыш Кодексинин 58-10, 58-11-беренелерине негиз "пантуркистандык контрреволюциялык иштерге катышкан" деп айып коюлган. Көп өтпөстөн сурак убагында табуретка менен тергөөчүнү уруп, ошол тергөөчү тарабынан эч кандай соттун чечимисиз 1938-жылы апрель айында атылып ташталган. Кайран кишинин сүттөн ак түшүнүгүн караңыздарчы. "Буларды Сталин билген жок. Бизди кийинки муун күнөөлөбөсүн. Бизде кылдай күнөө жок. Бул Совет өкмөтүнүн сурагы эмес, эл душмандарынын иши" - деп жатып атылган.

Бирок ошол кара саясатты жасоочулардын изи жашырылып, А.Орозбековдун өлгөндүгү жөнүндө ошол убактагы Фрунзе шаарынын биринчи май райондук ЗАГСнын бюросу тарабынан 1939-жылы 27-августта 584 номер менен катталган күбөлүктө аксакалдын 1938-жылы 14-апрелде Фрунзе шаарында 49 жаш курагында, миокардит, өпкө түбөркүлөзү оорусу менен жабыркап өлгөндүгү жазылган.

Ал эми ушул эле маселени тактоо максатында Аксакалдын уулу Орозбеков Өзгөрүштүн Кыргызстандын Генпрокуратурасына жазган сураныч катына, 1996-жылы 29-ноябрда 13/1625-96 номери менен Генпрокуратуранын бөлүм башчысы В.Н. Хан кол койгон жоопто "А.Орозбеков 1938-жылы 28-майда эркинен ажыратылган жерде ооруга себептүү кайтыш болгон, ошондуктан 1939-жылы 29-январда ага козголгон кылмыш иши токтотулган", - деп жазылат.

1956-жылы февраль айында болуп өткөн партиянын тарыхый XX съездинен кийин гана көпчүлүк партиялык советтик ишмерлердин катарында Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бюросунун 1956-жылдын 21-майындагы токтому жана КПССтин алдындагы контролдоо комитетинин ошол жылдын 30-июнундагы чечими менен Кыргызстан КП БКнын бюросунун 1937-жылдын 15-сентябрындагы "А.Орозбековду партиянын катарынан чыгаруу жөнүндөгү" чечими жараксыз деп табылып, партиялык жактан акталып, партиялуулугу кайрадан калыбына келтирилген.

1956-жылдын 10-апрелинде Кыргыз ССРинин Министирлер Советинин алдындагы Мамлекеттик Коопсуздук Комитетинин токтому менен РСФСРдин кылмыш жаза кодексинин 4-статьясынын, 5-пунктуна негиз А.Орозбековдун үстүнөн козголгон кылмыш иши ал кишинин каза болгондугуна жана аракетинде кылмыштын жоктугуна негиз өндүрүштөн токтотулуп, акталган.

**Адабияттар:**


1. Абдыкерим Сыдыков – Национальный лидер З.Курманов, В.Плоских, С.Бегалиев, Ч.Ногойбаева, З.Сорокина. - Б., 1992.
2. Абдрахманов Ю. 1916. Дневники. Письмо Сталину. - Ф., 1991.
3. Абдыкадыров Т. Страницы истории Кыргызстана. - Б., 1998.
4. Абдыкадыров К. Кыргызстандын биринчи мамлекетинин башчысы жөнүндө «Эркин Тоо», №47-48. - 2009.
5. Кыргызстан тарыхы. - Бишкек, 2012.